КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

*ТОКТОМ* *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

*«25» июнь 2022-жыл №11/3* *Жар-Кыштак айылы*

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ XI СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У (көчүрмө)**

**Жер тилкелерин муниципалдык менчике алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамын жетекчиликке алып, КРӨ караштуу мамлекеттик каттоо кызматынын кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин 10.04.2014-жылдагы №01-11/1440 сандуу катынын, айыл өкмөтүнүн жерге укукту берүү боюнча комиссиясынын 10.06.2022-жылдагы №6 протоколун негизинде, айыл өкмөтүнүн жерге укукту берүү боюнча комиссиясынын сунушун депутаттар талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Сасык-Булак айылындагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-февралындагы №66 токтомунун негизинде мамлекеттик фонд эсебинен 10,6 га айыл чарба жерлери жана Сузак Райондук мамлекеттик администрациясынын 2021-жылдын 14-октябрындагы №230-б буйругунунун негизинде жайыт жерлери эсебинен 2,4 га айыл чарба жерлери, жалпысынан 13,0 га «Өнөр жай, транспорт байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлери» категориясына которулган жер тилкелери муниципалдык менчикке алынсын.

2. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып Жалал-Абад областтык Юстиция башкармалыгына Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 28-беренесине ылайык, ченемдик укутук актылардын мамлекеттик реестирине киргизүүгө жиберилсин (жооптуу А.Сатвалдиев).

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер меселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Мирзаевке милдеттендирилсин.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш.Кадиркулов.**